КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
## V-IX –КЛАССТАР
## ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ
## (Окутуу орус, өзбек, тажик  тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептерге)

**Бишкек -2018**

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 сентябрындагы
№1153\1 буйругуна тиркеме

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарт**

**Мазмуну:**

1-бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин макамы жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү мекемелердеги негизги нормативдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2-бөлүм. Предметтин концепциясы темати
1. Окутуунун максаттары жана милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Компетенттүүлүктөр. Түйүндүү жана предметтин компетенттүүлүктөрдүн жана алардын байланыштары
2.4. Мазмундук логикалык түзүмдөрү. Окуу материалдарынын мазмундук түзүмдөрү жана класстар боюнча бөлүнүшү
2.5. Предмет аралык байланыштар жана өзөктүк (өтмө) тематикалык түзүмдөрдү ишке ашыруу

3-бөлүм. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо
3.1. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо (деңгээлдер жана класстар боюнча)
3.2. Окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды баалоонун негизги стратегиялары
3.2. Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын баалоо системасы

4-бөлүм. Окуу процессин уюштуруунун талаптары
4.1. Ресурстук камсыздоо боюнча талаптар
4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү шарттары

Сунушталуучу адабияттар

**1-бөлүм. Жалпы жоболор**

**1.1. Документтин макамы жана түзүмү**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» №403 Токтомунун негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мектептеринде экинчи тил катары үйрөтүүнүн негизги стратегиясын, уруннтуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат.

Стандарт, негизинен, жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүнүн натыйжаларын, аларга жетүүнүн жана өлчөп, баалоонун минималдуу өзөгүн аныктап, жөнгө салуучу документ. Ал ***билим берүүчүлүк парадигмадан компетенттүүлүктү калыптандыруу парадигмасына өтүү менен натыйжага негизделип окутуу болуп саналат.***

Анын негизинде окуу программалары түзүлөт. Ал программанын негизинде окуу-методикалык топтому иштелип чыгат.

Предметтик стандарт 4 бөлүмдөн турат: Жалпы жоболор, Предметтин концепциясы, Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо (компетенциялар) жана Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар.

Анда документтин макамы жана түзүлүшү аныкталып, окутуунун максаттары жана милдеттери, передметтин методологиялык негиздери такталат. Түйүндүү жана предметтик **компетенттүүлүктөр,** алардын байланыштары, окуу материалдарынын мазмундук логикалык түзүмдөрү жана класстар боюнча бөлүнүштөрү жүзөгө ашырылат. Предметтин концепциясы, билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо, окуу процессин уюштуруунун талаптары шыктандыруучу окуу чөйрөсүнүн шарттары иштелип чыгып, ресурстук материалдар менен камсыз кылуу жолдору сунушталат.

**1.2. Жалпы билим берүүчү мекемелердеги негизги (ченемдик) нормативдик документтердин системасы**

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндо” мыйзамы (2013г.);
- Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж. 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн боюнча предметтик стандарт;
- Жалпы билим берүүчү уюмдардын базистик окуу планы;
- Негизги мектеп (6-9-класстар) үчүн билим берүүнүн негизги программасы.

**1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер**

Бул стандартта аныктамалар жана кыскартуулар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» №404 Токтомуна ылайык иштелип чыгып, колдонулган.

Аларга кошумча түрдө стандартта төмөнкү түшүнүктөрдүн, терминдердин, аныктамалардын системасы белгиленген:

Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүүнүн *Мамлекеттик стандарты жана Предметтик стандарт* жана андагыкомпетенттүүлүктөр ачыкталып, анын натыйжага негизделиши, репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү 3 деңгээлге бөлүүдө Б.Блумдун таксономиясын колдонуу аркылуу окутуу технологиясы сунушталган.

Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө Европада кабыл алынган классификация боюнча А1, А2, В1, В2 деңгээлдеринин матрицасын негиз катары алынат. Анда бул стандарттардын талабына ылайык, 5-9-класстар Мамлекеттик тил катары окуп-үйрөнүү, оозеки кепти угуп түшүнүү, сүйлөп түшүндүрүү жана окуп түшүнүү, жазуу боюнча тилди колдоно билүү компетенттүүлүгүн баалоо деңгээлдерине бөлүштүрүүдө А2 деңгээлине туура келет.

**Тил предметтеринин компетенттүүлүктөрү:**

1. Когнитивдик-таанып билүүчүлүк
2. Лингвистикалык - тил таануучулук (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу)
3. Коммуникативдик-социомаданий багыттарынын ар бирин таануу, колдонуу аркылуу тил предметтери боюнча стандарттын талабын ишке ашырууга багытталат.

## 2-бөлүм. Предметтин концепциясы

### 2.1. Предметтин концепциясын аныктоодо төмөндөгүдөй методологиялык багыттар жетекчиликке алынган:

- тил өз ара карым-катыштын куралы (коммуникация);
- функционалдык грамматикалык категорияны коммуникативдик негизде колдонууну шартоо;
- улуттук маданиятты таануу каражаты катары (өлкө таануу);
- инсанды өнүктүрүү куралы;
- коомду ич ара байланыштыруунун (иденттүүлүк) каражаты;
- таанып билүүнүн каражаты;
- инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу каражаты;
- тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты ;
- кырдаалдык-тематикалык багыт;
- тилди турмуштук чөйрөлөрдө колдонуу деңгээлдерин аныктоо.

### 2.2. Экинчи тилди окутуунун максаттары жана милдеттери

**5 - 9 - класстардын окуучулары үчүн максаты:**

турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, А2 деңгээлине ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) бөлүштүрүп, окутуу-тарбиялоодогу мектептин милдеттерин, максаттарын колдонуу көндүмдөрүнө ээ болууну камсыздоо.

**Милдеттер:**

**1. Когнитивдик – тил таанып билүүчүлүк** – дүйнөнү жана өзүн-өзү таанып билүүдө окуучу кырдаалга жараша грамматикалык, лексикалык зарыл активдүү сөздөрдүн керектүүсүн тандап, өз көз карашын аргументтүү далилдей алышы керек;

**2. Лингвистикалык** – тил таануу (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) кыргыз тилинин тилдик-грамматикалык категориялардын өзгөчөлүктөрүн айырмалап, тилдик норманы кеп маданиятында туура колдоно алышы керек;

**3. Социомаданий**, **коммуникативдик** – кыргыз тилинде социомаданий, тиричилик, жүрүм-турумдук тиричилик жана расмий-ишкерлер чөйрөсүндө баарлаша алышы керек; көп тилдүүлүк маданиятты, интеграциялык иденттештирүү, улуттук баалуулуктарды түшүнүп, анын зарылдыгын аңдашы керек.

**Орус өзбек, тажик мектептеринде кыргыз тили предметин окутуунун аткарган кызматы:**

**Билим берүүчүлүк кызматы:**

- тематикалык-кырдаал боюнча функционалдык грамматикалык категорияларды коммуникативдик-ишмердүүлүк багытта ишке ашырууну шарттоо;
- ой-пикирин кыргыз тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн 4 түрүн колдонуп билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүү;
- текстин стилин, жанрын, кептин түрүн айырмалап, колдоно билдире алууга багыттоо;
- ар түрдүү сөздүктү пайдалануу менен, кыргыз тилинин милдеттүү сөздүк корун пайдаланып ар түрдүү тематикадагы текстти которуу, текст түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу иш-аракеттерин уюштуруу;
- иш кагаздарын түрлөрүн кыргызча түзө алуусун камсыздоо.

**Тарбия берүүчү кызматы:**

Кыргыз тилин өлкө таануучулук принцибинин негизинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, нарк-насил, каада-салттарды айырмалап түшүнүп, мамилелеше алат.

**Тилди өнүктүрүүчүлүк кызматы:** кыргыз тилинде турмуштук, тематикалык кырдаалга карата 4 кеп ишмердигин колдонуп, А2 деңгээлинде өз көз карашын далилдүү билдире алат;

**Экинчи тилди окутуу принциптери:**

1. Функционалдык-коммуникативдик принцип - кыргыз тилинин лексико-грамматиалык материалдарын кептин кырдаал-тематикасына, кызматына жараша тандап **А2 деңгээлинде** баарлашууну уюштуруу;
2. Лингво-этномаданий принцип – тилин үйрөнүп жаткан калктын рухий дүйнөсүн, тарыхый баалуулуктарын, каада салтын түшүнүп, мамилелешүү;
3. Эне тилин эске алуу принциби – экинчи тилдеги грамматикалык фактыларды өз эне тилиндеги грамматикалык фактылар, темалар менен дал келтирип, байланыштырып окутуу;
4. Тилди түздөн-түз үйрөтүү принциби – окуучуларды тилдик, речтик партнер-өнөктөш катары эсептеп, үйрөнүп жаткан тилде гана баарлашуу чөйрөсүн түзүү аркылуу сабакты уюштуруу;
5. Окутуунун интеграциялоо жана дифференциялоо принциби.

**2.3. Компетенттүүлүктөр. Түйүндүү жана предметтин компетенттүүлүктөр менен А2 деңгээлинин, тилдик чөйрөлөрдүн байланыштарынын мүнөздөмөсү**

**Түйүндүү компетенттүүлүктөр:**

1. **Маалыматтык** - көп маалыматтан эң керектүүсүн табуу, иргеп, тандай билген, колдоно алган, өздүк билим алуу көндүмдөрү, колдоно билүү көндүмдөрү***;***

2. **Социалдык- коммуникативдик (карым-катнаштык)** - чөйрөгө ийкемдешип алака түзө алган, адамдар менен сүйлөшө билүү, социалдык баалуулуктарды ажыратуу, коммуникативдик көндүмдөрү;

3. **Өзүн-өзү уюштуруу жана учурунда** кырдаалга карата **көйгөйлөрдү чечүү, анын** келип чыгыш себептерин, натыйжаларын аңдап, маселени өз алдынча чече билүү.

**Тил предметтеринин компетенттүүлүктөрү:**

1. **Тилдик** (лингвистикалык) – негизги мектеп үчүн тандалып алынган темаларга, чөйрөлөргө жана баарлашуу кырдаалдарына ылайык тилдик (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) каражаттарды үйрөнүү кыргыз тилинде өз оюн билдирүүнүн түрдүү жолдору, тилдик кубулуштары жөнүндө билимдерди өздөштүрүү.
2. **Кептик** – кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүндөгү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүү, тил жана кеп кубулуштарын билүү (3 аспект: тил, кеп, кеп ишмердүүлүгү).
3. **Социо-маданий, таанып билүүчүлүк (когнитивдик)** – негизги мектептин түрдүү этаптарында (5-7 жана 8-9 класстар) окуучуларынын тажрыйбасына, кызыкчылыктарына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жооп берген темалардын, чөйрөлөрдүн жана баарлашуу кырдаалдарынын алкагында окуучуларды кыргыз элинин маданиятына, салттарына жана жашоо-турмушуна кошуу. Өз өлкөсүн, анын маданиятын баарлашуу учурунда башкаларга тааныштыруу көндүмүн калыптандыруу. Жалпы окуу көндүмдөрүн жана атайын окуу көндүмдөрүн андан ары өнүктүрүү, өз алдынча тил үйрөнүүнүн окуучуларга жеткиликтүү ыкмалары, анын ичинде жаңы маалымат технологиялары менен тааныштыруу. Тилдик каражаттар жетишсиз шарттарда маалымат алууда жана бирөөгө маалымат билдирүүдө абалдан чыгуу көндүмүн өнүктүрүү (реалдуу жашоодо коммуникативдик стратегияларды колдонуу көндүмү).

Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Мамлекеттик стандартта аныкталган үч деңгээлде каралат:

- Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат;
- Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт;
- Үчүнчү деңгээл (конструктивдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен ишке ашыруу болуп эсептелет.

**Тил үйрөнүү компетенттүүлүктөрдү баалоо деңгээлдеринин сыпаттамасы:**

| Деңгээл | Сыпаттоо | Сөздүк корунун деңгээлдерге дал келүү % | **В2 (С2)** деңгээлине сөздүк корунун дал келүү % |
|---|---|---|---|
| **А1 – Жан сактоо деңгээли (Breakhrough)** | | | |
| **А1 Тилди эң жөнөкөй түрдө колдоно билүү** | Берилген тематиканы, тапшырманы түшүнүп, ал боюнча сөз, сөз айкаштарын, фразаларды колдонуп, коюлган маселеге жооп бере алам. Өзүмдү, башкаларды тааныштырып, дарек, тааныштар, оокат-жай тууралуу суроолорго жооп бере алам. Тилдин эң жөнөкөй түрүн колдонуп, сөздөрдү шашпай, жай, так, даана сүйлөгөнгө (жооп берип, сүйлөшүүгө) катышып, жардам бере алам. | 50 % | 12 % |
| **А2 Босогого чейинки деңгээли (Waystage)** | | | |
| **А2 Тилди эң жөнөкөй түрдө колдоно билүү** | Жан сактоого, күнүмдүк жашоо-тиричиликке керектүү сөздөрдү, сөз тизмектерин, айрым сүйлөмдөрдү (өзү, үй-бүлө мүчөлөрү, кызматка орношуу, соода - сатык, дүкөндөгү ж.б. кырдаалдарга жараша) тилдин эң жөнөкөй түрүн колдонуп, маалымат алмашып, маек куруп, сүйлөшө алам. | 50 % | 24 % |
| **Б1 (В1- англис тилинин алфавити боюнча)<br>Тилди эркин колдоно билүү** | | | |
| **Б1 (В1) Босоголук деңгээл (Threshold)** | Ар түрдүү кызмат, окуу, эс алуу ж.б. темаларда адабий тилде маалымдалган тексттин негизги идеялык мазмунун түшүнөм. Жергиликтүү элдин тили менен ар түрдүү кырдаалга жараша сүйлөшүп, баарлаша алам. Мени өзгөчө кызыктырган же белгилүү тема боюнча байланыштырып билдирүүлөрдү түзө алам. Окуяны, максатымды (үмүт, тилекти), келечекке планды аныктап, өз оюмду жүйөлүү, далилдүү түшүндүрүп бере алам. | 67 % | 48 % |
| **Б2 (В2 - англис тилинин алфавити боюнча)<br>Тилди эркин колдоно билүү** | | | |
| **Б2 (В2) Босогодон** | Конкреттүү, абстрактуу, татаал жана атайын кесиптик маанидеги тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Жергиликтүү элдин тилинде тездикте жана | 81 % | 72 % |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **өткөн деңгээл (Vantage)** | күтүүсүз кырдаалдагы темага даярдыксыз, кыйналбастан эркин баарлашып, сүйлөшө алам. Мен ар түрдүү темадагы идеяны майда-чүйдөсүнө чейин так, даана, билдирип, түшүндүрөм. Ар түрдүү ойдун, идеянын негизги көйгөйлүү маселесине өз көз карашымды билдирип, анын мүчүлүштүктөрүн, алгылыктуу жактарын түшүндүрө алам. | | |
| **B1 (C1 - англис тилинин алфавити боюнча) Тилди мыкты колдоно билүү** | | | |
| **B1 (C1) Бийик деңгээл (Proficiency)** | Ар түрдүү тематикадагы көлөмдүү татаал тексттеги көмүскө агымдардын маанисин байкап, түшүнүп, анализдей билем. Сөздү, сөз тизмектерин тандап, ойлонуп кыйналбастан, даярдыксыз тез сүйлөшө алам. Илимий жана профессионалдык ишмердикте тилди ийкемдүү жана эффективдүү эркин баарлашып, сүйлөшө алам. Татаал темадагы идеяны майда-чүйдөсүнө чейин так, даана билдире алам жана текстти уюштуруу моделин көрсөтмөлүү колдонуп, анын байланышуу каражаттарын талдап, элементтерин топтоп корутундулай алам. | 89 % | 89 % |
| **B2 (C2- англис тилинин алфавити боюнча) Тилди эң мыкты (жетик) колдоно билүү** | | | |
| **B2 (C2) Эң мыкты (жетик) колдоно билүү деңгээли (Mastery)** | Бир нече жазуу жана оозеки булактарга таянып байланыштуу текст түзө алам. Бардык оозеки же жазуудагы билдирүүлөрдү түшүнөм. Эң татаал (илимий) тексттин (сырткы) ички себептерин, натыйжасын, келип чыккан жана андан пайда болуучу таасирлердин маанилүүсүн майда–чүйдөсүнө чейин (бөтөнчө) көңүл буруп, ачыктап, аны жогорку темпте жана жогорку деңгээлдеги тактыкта сүйлөп, (жазып) түшүндүрүп бере алам. | | 100 % |

### Деңгээлдердин класстарга бөлүнүшү

| | | |
|---|---|---|
| **А деңгээли** Кыргыз тилин эң жөнөкөй колдоно билүү деңгээли | **А 1 Баштапкы деңгээл** | **А1.1. 1-класс** (карапайым көндүмдөр)<br>**А1.2. 2-4-класстар** (жөнөкөй көндүмдөр) |
| | **А2 Калыптануу деңгээли** | **А2.1. - 5-7-класстар** (негизги баштапкы көндүмдөр)<br>**А2.2. - 7-9-класстар** (негизги толук көндүмдөр) |
| **В деңгээли** Кыргыз тилин өз алдынча колдоно билүү деңгээли | **В1 Орто деңгээл** | **10-11-класстар** (орто мектептин стандартына ылайык толук көндүмдөр) |
| | **В2 Ортодон жогорку деңгээл** | |
| **С деңгээли** Эркин колдоно билүү деңгээли | **С1 Жетик денгээл** | |
| | **С2 Жогорку деңгээл** | |

**А2 калыптандыруучу негизги деңгээлдин мүнөздөмөсү**

А2 - калыптануу негизги деңгээли өз ара А2.1. 5-7-класстар: *“негизги баштапкы”*; А2.2. - 7-9-класстар*: “негизги толук”* деңгээлдери –деп аталып, башталгыч класстарда ээ болгон баштапкы көндүмдөрдү бекемдейт жана 5-9-класстарды камтыйт. Аталган деңээлде окуучулар кыргызча кеп ишмердиктерин – угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмдөрү боюнча *сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили* деп аталат.

**Тилдик чөйрөлөр**

1. **Баланын өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү:** баланын өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң-энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги, күндөлүк эрежеси, үй турмушу, бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу күндөлүк иштер, ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызаатоо, кыргызча учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, базардан, дүкөндөн сатып алуу, нерсенин санын, сапатын, эмненин кайда экенин, убакытты, мезгилди ж.б. сурап билүү, сурап алуу ж.б. тематикаларда сүйлөшүүгө машыктыруу.

**2. Коомдук, социалдык-маданий чөйрө**. ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы социалдык шарттар, мектептер, түрдүү мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кино-театр, оорукана, спорт аянтчалар, музейлер, Кыргыз Республикасы, Ала-Тоо жергеси, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр**.** Табият, экология**,** Ала-Тоонун жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору**,** суулары, көлдөрү, жаныбарлары, канаттуулары, жалпы үй жана жапайы айбанаттар, өсүмдүктөр, дарактар, жер жемиштер, жашылчалар, аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын коздугу, ал жерлерде эс алуу, табиятты коргоо, камкордук көрүү, тазалыкты сактоо, экологиялык проблемалар, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүм-турум

адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар ж.б. тематикалардын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу, ж.б.

**3. Окуу-таануу чөйрөсү.** ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, кыргыздын улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, мектептеги жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар, ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул тематикалардагы сүйлөшүү.

**4. Эмгек жана кесип чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет:** эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-эненин кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фабрика,теле-радио, театр, журналистика, актер, кино-фильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби тууралуу окуу материалдары жана аларга байланыштуу баарлашууга машыктыруу.

### 2.4. Орчундуу жана предметтик билгиликтердин байланышы

Азыркы заманбап методиканын өзгөчөлүгү окуу процессинин шарттарын табигый катнаш шарттарына жакындатууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Андыктан мугалим менен окуучунун эки тараптуу, биргелешкен чыгармачыл ишмердигинин натыйжасында предметтик (тилдик, кептик жана социо-маданий) билгиликтерди калыптандырууга зор маани берилет. Предметтик билгиликтер окуучулардын чыныгы муктаждыктарына, катнаш үчүн зарыл, өз ара макулдашылган билгичтиктеринин барлыгына жараша аныкталып, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштурууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерди калыптандырууга шарт түзөт.



## 2.4 Мазмундук нуктар. Окуу материалдын мазмундук нуктары жана класстар боюнча бөлүнүшү

| | **5-7 класстар** | **8-9 класстар** |
|---|---|---|
| **Өздүк чөйрө** (баланын жекече чөйрөсү; күнүмдүк тиричилик чөйрөсү) | -Үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы өз ара мамилелер<br>-Бөлмө, жекече буюмдар, үй дареги<br>-Бир туугандар жөнүндө камкордук, ата-энелерге жардам.<br>-Сырткы келбети<br>-Окуучулардын шаардык/айылдык жашоо чөйрөсү<br>-Сатып алуулар<br>-Ден соолук жана жеке гигиена | -Мектептеги, үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы инсандык өз ара мамилелер<br>-Адамдын сырткы келбети жана мүнөздөмөсү<br>-Сатып алуулар. Чөнтөк акчалар.<br>-Сергек жашоо<br>-Уюлдук телефон менен сүйлөшүү |
| **Социалдык-маданий чөйрө** (жүрүм-турум, адеп; экологиялык чөйрө) | -Ата-энелерди сыйлоо, улууларга сылык мамиле жасоо, кичүүлөрдү колдоо<br>-Каникулдар жана аларды жылдын ар кайсы мезгилинде өткөрүү<br>-Кийим адеби, коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнүн адеби, телефон менен сүйлөшүү адеби<br>-Айлана-чөйрөнү коргоо.<br>-Мекен. Географиялык абалы, климаты, аба-ырайы, борбору, тарыхый жерлери | -Жаштар модасы<br>-Өз өлкөсү, кошуна өлкөлөр жана чет өлкөлөр, алардын маданий өзгөчөлүктөрү (улуттук майрамдар, белгилүү даталар, салттар)<br>-Кыргызстан боюнча саякат<br>-Белгилүү адамдар, алардын илимге жана дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы<br>-Жаратылыш жана экология көйгөйлөрү<br>-Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору, көлдөрү, жаныбарлар, канаттуулар, үй-жана жапайы жаныбарлар. |
| **Окуу-таануу чөйрөсү** (окуу-таануучулук чөйрөсү) | -Мамлекеттик тилдин ролу<br>-Мектеп жана мектептеги жашоо<br>-Окутулган предметтер жана аларга мамиле<br>-Ата мекен, улуттук баатырлар, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, белгилүү инсандар, Кыргызстандагы бөлөк улуттардын өкүлдөрү | -Мектептеги билим берүү<br>-Мектептеги жашоо: мектептеги жүрүм-турум, коомдук жашоого катышуу<br>-Окутулган предметтер жана аларга мамиле<br>-Мамлекеттик тилдин ролу<br>-Массалык маалымат каражаттары (пресса, телевидение, радио (үналгы), телефон,интернет) |
| **Эмгек-кесип чөйрөсү** (баланын кызыгуулары**)** | -Кесиптин түрлөрү, мааниси<br>-Ата-энесинин кесиби<br>-Эмгек, эмгек баатырлары<br>-Кызыгуулар, хобби<br>-Күн тартиби, бош убактысын өткөрүү | -Бош убакыт жана кызыгуулар (спорт, музыка, киного/театрга баруу, дискотекалар, кафе).<br>-Кесип тандоо маселелери<br>-Кесипке багыт алуу. Кесип тандоого жоопкерчилик мамиле<br>-Эмгектенүү жашоодо маанилүү. Акыл эмгеги |

**Курстун иреттелиш жүйөсү**

| Тема | 5- класс | 6- класс | 7- класс | 8- класс | 9- класс |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.Үй-бүлө** | Үй-бүлө мүчөлөрү. Сырткы келбети, мүнөзү. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кесиптери, туулган күндөрү. Менин үйүм. Менин бөлмөм. Ким кайда окуйт? Ким кайда жашайт? Силердин үй-бүлөңөр кандай? Үй-бүлөдө ким эмне кылат? Мүнөз. Өмүр баян. Маалымат барагы. | Биздин үй-бүлөбүз. Биздин үй. Үйдөгү досторум: үй жаныбарлары. Ким кимге жардам бергендигин айтуу. Заттын айлана-тегерегин атап айтуу. Достук. Ынтымак. Үнөмчүлдүк. Маалымат барагы. Өмүр баян. | Биздин үй-бүлөбүз. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери. Үй жумуштары. Менин апам. Менин өмүр баяным. Нерсенин кайда экенин кантип сурап билесиң? Ким жана эмне жөнүндө сөз болгондугун маалымдоо. Өмүр баян. Куттуктоо. Түшүнүк кат. Иликтөө. | Адамдын мүнөзүнө эмнелер таасир этет? Чоң эне, таене. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүнөздөрү. Үй-бүлөдөгү мамиле. Кимдин мүнөзү кандай? Кантип таанышууга болот? Заттын айлана-тегерегинде эмне бар экендигин айтып үйрөнүү. Өмүр баян. Токтом. | Биздин үй-бүлөбүз. Сенин мүнөзүң кандай? Башка өлкөлөрдө бал-дарга мамиле кандай? Үй-бүлөдөгү тарбиянын мааниси жөнүндө ин-тервью алабыз. Үй-бүлөдөгү мамиле кандай болууга тийиш? Телефондо сүйлөшүү. Телефонго чакыруу; уюлдук телефон менен байланышуу. Ким жана эмне жөнүндө сөз бол-гондугун маалымдоо; Өмүр баян. Токтом. |
| **2. Саякат. Эс алуу** | Унаа. Унаанын түрлөрү. Саякаттар дүйнөсү. Каякка барып эс алууга болот? Кайда саякаттаса болот? Качан эс алган жакшы? Эмне үчүн? Ким ким менен кайда барат? Саякаттаган кандай сонун! | Кыргызстандын кызыктуу жерлерине саякат. Жайкы эс алуу. Учак. Поезд. Метро. Унаанын түзүлүшү. Аралыкты билдирүү. Унаа жана коммуникативдик байланыш түйүнү. Телефондук байла-ныштын түрлөрү. | Мага саякаттаган жагат. Дүйнөдөгү кызыктуу жерлер. Дүйнөнүн кызыктуу жерлерине саякат. Саякатка чакыруу катын жазуу. Тарыхый жерлерге саякаттоо. Ким качан, кайда болду? Ким кайда кетти? Арыз. Чакыруу. Иликтөө | Өлкөлөр боюнча расмий маалымат. Туулган жерге саякат. Саякатка чакырам. Кыргызстан-дын жерлерине сапарга чыгабыз. Билбеген нерсе тууралуу кантип маалымат алууга болот? Уюлдук телефондун кызматы, мааниси. Кулактандыруу | Туризм. Кыргызстан – туризмди сүйүүчүлөр үчүн кызыктуу өлкө. Кыргызстандагы туризм-дин түрлөрү. Кыргыз жери көрктүү. Кыргызс-тан жөнүндө жарнама жазам. Туристтик тейлөө. Туристтик жарнама. Ким кайдан келгенин айтуу. Ким качан келгенин |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | айтуу. Бир жакка кантип баруу керектигин сурап билүү. Кулактандыруу |
| **3. Кесип** | Кесиптер. Кесиптин баары жакшы, баары керек. Ар бир кесип ардактуу. Ар бир кесип керектүү. Кесип тандоону ойлон. Ким кайда жашарын, кайда иштерин айтуу. | Ата-энемдин кесиптери. Белгилүү адамдардын кесиби. Кызыктуу кесиптер. Ким качан эмне кылгандыгын маалымдоо. Буюмдун кайда турганын сурап билүү. Бирөөдөн бир нерсени алып берүүсүн өтүнүү. Маалымат барагы. Эссе | Биздин өлкөдөгү кесиптер. Сен келечекте ким болгуң келет? Кыргызстандагы ардактуу кесиптер. Мугалим. Аракет кылсаң – берекет. Кесиптик таржымал. Резюме (өздүк таржымал). Иликтөө. | Кесип жөнүндө кыялдануу. Тил билүү менен байланыштуу кесиптер. Кесип тандоо маанилүү. Менин келечектеги кесибиме кайсы сабактар керектүү? Менин келечектеги кесибим үчүн кайсы предметтерди жакшы окушум зарыл? Убакытты кантип айтабыз? Кимге кайсы кесип жагат? Эмне үчүн жагат/ жак-пайт? Арыз | Менин келечектеги кесибиме кандай кийим жарашыктуу? Атайын кийимдин тарыхы. Атайын кийим эмне үчүн керек? Кимдин кийими кандай? Сакчынун кийими. Кесиптик келбет (кийим). Жумушту эмне менен аткарып жаткандыгын айтуу. Кыймыл-аракеттин ким менен бирге аткарылгандыгын айтуу. Резюме. Арыз. |
| **4. Кыргызстан** | Кыргызстан– менин мекеним. Мекен деген эмне? Кыргызстандын картада жайгашкан орду. Кайсы өлкөлөр менен чектеш? Кыргызстан жөнүндө расмий чакан маалымат. Кыргыз Республикасынын белгилери. Ким кайдан, кантип келгенди- | Кыргызстан -тоолуу өлкө. Кыргызстандын жаратылышы. Кыргызстандын пайдалуу кен байлыктары. Жаныбарлар дүйнөсү. Кыргызстандагы бак- дарактар. Өсүмдүктөр. Жемиштер. Кыргызстандын дары өсүмдүктөрү. Алардын пайдалуу | Кыргызстанды сүйүү – аны жакшы билүү. Кыргызстан – менин сыймыгым. Мен жашаган аймак. Мен жашаган көчө. Кыргызстандын жаныбарлары. Кыргызстандын канаттуулары. Бул куш жөнүндө билем. Кызыл китеп жөнүндө билем. Уруксат | Кыргыздын Ала-Тоосу. Кыргызстандагы жаныбарлар дүйнөсү. Кыргызстандын сейрек кездешүүчү жаныбарлары. Кызыл китепте.Жаныбарларды коргоо жөнүндө ойлонолу. Жаратылышка аяр мамиле кылуу. Айлана-чөйрөдө эмне болуп жатканын маа- | Улуттук спорт оюндары. Кыргыз улуттук оюндары. Ат чабыш жөнүндө. Көк бөрү – байыркы оюн. Оодарыш Оодарыш оюну жөнүндө билдирүү жазам. Маалымдама (кыргыз элинин майрамдары же улуттук оюндары жөнүндө). Мүнөздөмө. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | гин айтуу. | касиеттери. Буйрук иретинде кайрылуу. Кимдин эмне кылгандыгын айтуу. Өмүр баян. | суроого үйрөнүү. Буюмду кимден алганын айтып берүү. Чакыруу. Куттуктоо. Иликтөө | лымдоо. Куттуктоо. Майрам менен куттуктоо. Мүнөздөмө. | |
| **5. Ден соолук** | Жыл мезгилдерине карата спорттун түрлөрү. Спорттук оюндардын кышкы түрлөрү. Спорттук оюндардын жайкы түрлөрү. Дениң таза болсо, дилиң да таза болот. Спорт менен машыгабыз. Убакыттын канча болгонун айтуу. Менин жашоомдогу спорт. Улуттук спорт оюндары. | Ден соолукка пайдалуу жана зыяндуу тамактар. Спорттун түрлөрү. Улуттук спорт оюндары. Улуттук оюндар. Таза жүрсөң, ден соолукта болосуң. Өмүр баян. Маалымат барагы. | Ден соолук чың болуу үчүн эмне керек? Ден соолукка коопту азык заттар. Ден соолукка эмнелер зыян келтирет (тамеки чегүү, ичкилик)? Сергек жашоо. Саламаттык. Бирөөнүн сунушуна макул же каршы экендигин билдирүү. Маалымкат. Отчёт. Иликтөө | Ден соолук. Оорунун түрлөрү. Ооруканада. Оорулардан сактануу жана айыгуу жолдору. Сактансаң – сактайт... Сактык чаралары, дарылануу. Кечирим суроо; Өтүнүү; Кыймыл-аракеттин себебин түшүндүрүү; Түшүнүк кат. | Алгачкы жардам. Биринчи жардам. Туура жардам көрсөтүү. Медициналык кызмат. Медициналык маалымкат. Заттын болжолдуу абалын кантип айтабыз? Ким эмнени берип жатат? Ким кимди жана эмнени күтүп турат Бирөөнүн сураганын берерин же бербей тurганын билдирүү. Уюлдук телефон менен тез жардам чакыруу.Түшүнүк кат |
| **6. Соода-сатык** | Дүкөндүн түрлөрү. Телефондордун түрүн саткан дүкөн. Дүкөндө. Базарда. Буюмдун канча турарын сурап билүү. Сатып алууга үйрөнүү. Мурунку кездеги соода. | Азык-түлүк дүкөнү. Сатуучунун кесиби кандай? Соодагер. Соода кылуу. Буюмдун кайда турганын сурап билүү. Сатып алуу. Бирөөдөн бир нерсени алып берүүсүн өтүнүү. Маалымат | Кийим-кече дүкөнү. Кайдан эмне сатып алабыз? Кандай кийим жакшы сатылат? Улуттук кийим. Мода менен кийинүү. Ким эмнени сатып алат? Буюмду кайдан алганын айтуу. Ким эмнени алып | Интернет дүкөнү. Айыл чарба дүкөнү. Дан өсүмдүктөрүн сатуучу дүкөн. Нан жөнүндө уламыш. Заттын түрдүү белгилерин салыштырып айтып үйрөнүү; | Дүкөн жана базар. Демейки дүкөн менен салыштыруу. Соода-сатык жүргүзүү Интернет тапшырык жазам. Соода түйүндөрү. Базарда соода кылган балдар окуш керекпи? Заттын өңү-түсүн жана даам белгилерин айтууга |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | барагы. Өмүр баян. | жатат? Жарыя. Иликтөө | Телефон жана интернет аркылуу соода.<br>Тейлөө чөйрөсүндөгү буйрутма. | үйрөнүү. Заттардын форма, көлөм жана башка белгилерин салыштырып үйрөтүү. Тейлөө чөйрөсүндөгү буйрутма. |
| **7. Кызыгуу** | Китеп окуу. Мага кандай китептерди окуган жагат? Кимге эмне жагаарын, эмне керектигин сурап билүү. Ким эмнеге кызыгат?<br>Таланттуу адамдар эмнеге кызыгышкан? Каникулда эмнеге кызыгасыңар? | Искусствого кызыгуу. Сүрөт тартууга, кол өнөрчүлүккө кызыгуу. Театр. Сүрөт. Кино. Фильм. Мультфильмдин түрлөрү. Сен эмнеге кызыгасың? Буюмдун кимдики экенин сурап билүү. Буюмдун кимде экендигин сурап билүү. Өмүр баян. Маалымат барагы | Элдик оозеки чыгармачылыкка кызыгуу. “Манас” – улуу эпос. Кыргыз театрлары. Окуган китебиме пикир жазам. Китеп. Кино. Күндү кандай өткөрөрүн айтып берүү. Бир нерсени өзү аткарарын айта билүү. Маалымкат. | Театрга кызыгуу. Элдик театр. Улуу адамдар эмнеге кызыккан? Кинотеатр. Кинону кандай көрүш керек? Таасирленүү. Кубанууну же өкүнүүнү билдирүү. Жакын адамын бирөөгө тааныштыруу. Окшоштуруп, салыштырып айтуу. Рецензия. Иликтөө | Музыкага кызыгуу. Музыкалык аспаптар. Музыканын адамга болгон таасири. Комуз. Ыр. Опера. Бий. Таржымал жазам. Эмне кылгысы келгенин айтуу. Маалымкат, отчёт |

## 2.6. Предмет аралык байланыштар жана өзөктүү тематикалык нуктарды жүзөгө ашыруу

Сабактын элементи катары предмет аралык байланыштарды мугалимдер башка предметтерден алынган билимди пайдалануу талап кылына турган тийиштүү таанымдык милдет аткарылууга тийиш болгон иштин ар кайсы баскычында колдонсо болот.

**Кыргыз тилин башка предметтер менен тутумдаштыруунун (интеграциялоонун) мисалдары**

**Адабият менен тутумдаштыруу.** Предмет аралык байланыштын негизги булагы болуп экинчи тилди билүүнүн таянычы катары текст жана текст менен иштөө саналат. Ар бир кептик темада кыргыз жана дүйнөлүк авторлордун чыгармаларынан үзүндүлөр сунушталат.

**География менен тутумдаштыруу.** 5-класста Кыргызстандын жайгашкан жери, аны менен чектеш кошуна мамлекеттер тууралуу негизги географиялык маалыматтар келтирилет. Кыргызстан кайда жайгашкан? деген кептик теманын тегерегинде сүйлөшүү, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү каралган. 6-класста “Кыргызстан – тоолуу өлкө”, “Кыргызстандын пайдалуу кен байлыктары” темаларында географиялык маалыматтар менен шайкеш келген материалдарды окутса болот. Башка предметтер менен байланыш сабактын иштелме планында жүргүзүлөт. Бул учурда мугалим окуучуларга Кыргыз Республикасынын географиялык картасы менен иштөөнү сунуштаса болот.

**Биология менен тутумдаштыруу.** 6-класста– Кыргызстан модулунда “Кыргызстандагы бак-дарактар”, “Өсүмдүктөр”, “Жемиштер” деген темалар боюнча окуучуларга өсүмдүктөр, алардын түзүлүшү тууралуу негизги маалыматтарды камтыган тексттер сунуш кылынат. 7-класста “Кыргызстандын жаныбарлары”, “Кыргызстандын канаттуулары”, “Бул куш жөнүндө билем”, “Кызыл китеп жөнүндө” темалары боюнча окуучуларга жаныбарлар тууралуу кызыктуу маалыматтарды камтыган, алардын түзүлүшүн сүрөттөгөн тексттер сунушталат. Жогорку класстардагы Ден соолук модулунда адам организминин ички түзүлүшүн сүрөттөгөн текстти алууга болот. Албетте, текст негизги маалыматты гана камтышы абзел. Текст тандоодогу мындай мамиле кеп лексикасын кайталоодо жана активдештирүүдө окуучуларга жардам берет.

**Көркөм сүрөт менен тутумдаштыруу.** Окуу-чыгармачылык иш түрүндөгү (өз үй-бүлөсүн, үйүн, бөлмөсүн, мектебин тартуу, бул чогултулган материалдан, мисалы, “Бул мен”,“Менин дүйнөм” ж.б. аталыштагы китепче түзүү) маалымат объектисин түзүп даярдоо.

- Текстти мерчемдөө.
- Мазмунун түзүү.
- Керектүү маалыматты издөө. Маалымат булактары: «Менин үй-бүлөм» темасы боюнча сабакта алынган маалымат базасы.
- Жүзачарын түзүү.
- Кичинекей китепченин жардамында жүзачарды көрсөтүү.

**МКТ менен тутумдаштыруу.** Шаблондорду пайдалануу менен жүзачар түрүндө комплекстүү маалымат объектисин түзүү жана даярдоо

- Жүзачар менен слайдды мерчемдөө.
- Жүзачар элементтерин түзүү (текст, таблица, сүрөт, схема ж.б.)

- Жүзачарды түзүү; сүрөттөрдү кыстаруу.
- Анимацияны жүргүзүү.

Жүзачарды проектордо же мониордо көрсөтүү.

**Музыка менен тутумдаштыруу.**

Ар бир класста уланмалуулук принциби менен кызыгууларды окутуу каралган. Окуучулардын кызыгуулары, улуу адамдардын кызыгууларынан үлгү катары окутуу максатка ылайыктуу болот. Музыкага кызыгуу кызыгуунун түрү катары кептик темада сунушталат. Музыка, музыкалык аспаптар, музыканын түрлөрү, музыканттар, алардын чыгармачылыгынын тегерегинде окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүү керек. Азыркы кездеги заманбап, популярдуу жана балдарга жаккан музыканын түрлөрү мааниси жагынан балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалып алынат. Музыкалык чыгарманын автору, жазылышы тууралуу маалымат менен таaанышуу болот. Кептик үлгүлөрдү колдонуп, музыкалык чыгарманын текстинин мазмуну менен иштешет.

## 3-бөлүм. Билим берүүнүн жыйынтыктары жана баалоо

### 3.1. Окутуунун мазмундук нуктары, стандарттык талаптары, компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалары

| | Класстар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 5-класс | 6-класс | 7-класс | 8-класс | 9-класс |
| **1. Кептик-катнаштык компетенттүүлүгү** | | | | | |
| **Сүйлөө** | | | | | |
| **Диалог** | - күнүмкү баарлашууда диалогдорго катыша алат;<br>- берилген тема боюнча суроо берет, суроого жооп берет;<br>-диалогду демилгелей алат;<br>-өз ниетин билдирет;<br>-репликаларга көңүл буруп, диалогго катышат. | -күнүмкү баарлашууда диалогдорго катыша алат;<br>-берилген тема боюнча су-- роо берет, суроого жооп берет;<br>-диалогду демилгелей алат;<br>-өз ниетин билдирет;<br>-репликаларга көңүл буруп, диалогго катышат. | -күнүмкү баарлашууда диалогдорго катыша алат;<br>-берилген тема боюнча суроо берет, суроого жооп берет;<br>-диалогду демилгелей алат;<br>-өз ниетин билдирет;<br>-репликаларга көңүл буруп, диалогго катышат. | -диалогдун мазмунун түшүнөт;<br>-диалогдун катышуучуларынын ниетин түшүнөт;<br>-диалогду демилгелей алат;<br>-өз ниетин билдирет;<br>-репликаларга көңүл буруп, диалогго катышат. | –түрдүү диалогдорго катыша алат;<br>-диалогдун мазмунун түшүнөт;<br>- диалогдун катышуучуларынын ниетин түшүнөт;<br>-диалогду демилгелей алат;<br>-өз ниетин билдирет;<br>-репликаларга көңүл буруп, диалогго катышат. |
| **Монолог** | - берилген тема боюнча өз оюн оозеки айтат; темадагы негизги ойду ачып бере алат;<br>- окуган текстин коммуникативдик тапшырмага жараша майда-чүйдөсүнө чейин, кыскача жана тандап, тексттин түзүлүшүн сактап, кептин түрүнө ылайык айтып берет. | - уккан же окуган тексти боюнча репродуктивдүү мүнөздөгү майда-чүйдөсүнө чейин жана тандалган монолог курат;<br>-темага жана коммуникативдик тапшырмага ылайык өз алдынча монолог курат;<br>-үйрөнгөн сөздөрүн кебинде колдонот;<br>-адамдарга, фактыларга, окуяларга карата өз мамилесин билдире алат. | -уккан же окуган тексти боюнча репродуктивдүү мүнөздөгү майда-чүйдөсүнө чейин жана тандалган монолог курат;<br>-темага жана коммуникативдик тапшырмага ылайык өз алдынча монолог курат;<br>-адамдарга, фактыларга, окуяларга карата өз мамилесин билдире алат. | -уккан же окуган тексти боюнча репродуктивдүү мүнөздөгү майда-чүйдөсүнө чейин жана тандалган монолог курат;<br>- темага жана коммуникативдик тапшырмага ылайык өз алдынча монолог курат;<br>- адамдарга, фактыларга, окуяларга карата, алган маалыматына карата өзүнүн мамилесин билдире алат. | –берилген темада монолог кеп жаратып, өзүнүн оюн айтып берет;<br>-кебинде татаал сүйлөмдөрдүн түрүн негиздүү колдонот;<br>–башкалардын кебин түрдүү жолдор менен айтып бере алат, цитата келтирет;<br>–сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү түрүндө оозеки өз оюн айтат.<br>-темага жана коммуникативдик тапшырмага ылайык өз алдынча репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монолог курат;<br>-адамдарга, фактыларга, окуяларга карата, алган маалыматына карата өзүнүн мамилесин билдире алат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Угуу** | -көлөмү боюнча анчалык чоң эмес текстти угуп, маалыматын түшүнөт, темасын аныктайт, маанилик бөлүктөрүн табат жана алардын ортосундагы логикалык байланышты табат, негизги жана кошумча маалыматты бөлүп айырмалайт;<br>-кийинки маалыматтын мазмунун алдын ала божомолдойт;<br>-диалогдун мазмунун түшүнөт, диалогго катышуучулардын ниетин түшүнөт. | –маалыматты угуп түшүнөт, темасын аныктайт;<br>–текстти угуп, тексттеги негизги ойду, маанилик жана структуралык бөлүктөрдү аныктап бөлө алат;<br>-кийинки маалыматтын мазмунун алдын ала божомолдойт;<br>-диалогду угу, мазмунун түшүнөт, диалогго катышуучулардын ниетин түшүнөт. | –тексттеги маалыматты угуп түшүнөт;<br>-темасын аныктайт, маанилик бөлүктөрүн табат;<br>–негизги ойду бөлүп аныктайт;<br>-сүйлөгөн адамдын коммуникативдик максатын жана мотивдерин түшүнөт;<br>-диалогдун мазмунун түшүнөт, диалогго катышуучулардын ниетин түшүнөт. | -монологдогу айтылган ойдо айтылган маалыматты түшүнөт, темасын аныктайт, маанилик бөлүктөрүн табат жана алардын ортосундагы логикалык байланышты табат, негизги жана кошумча маалыматты бөлүп айырмалайт, кийинки маалыматтын мазмунун алдын ала божомолдойт;<br>-диалогдогу ойдун мазмунун түшүнөт, диалогго катышуучулардын коммуникативдик ниетин түшүнөт. | -тексттеги маалыматты угуп түшүнөт;<br>-негизги жана кошумча маалыматты бөлүп айырмалайт;<br>-тексттин маанилик бөлүктөрүн табат, алардын байланышын аныктайт;<br>-маалыматтын маанилүүлүгүн, жаңылыгын баалайт, ага карата өзүнүн мамилесин аныктайт;<br>-сүйлөгөн адамдын коммуникативдик максатын жана мотивдерин түшүнөт;<br>-кийинки маалыматтын мазмунун алдын ала божомолдойт. |
| **Окуу** | -текстти маанисин түшүнүп окуйт, маанилик бөлүктөргө бөлөт;<br>-тексттин бөлүктөрүнүн байланышын табат;<br>-тексттин структурасын билет;<br>-тексттеги суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү туура интонация менен окуйт;<br>-тексттеги негизги теманы жана ойду аныктайт;<br>-негизги жана негизги эмес маалыматты аныктайт;<br>-керектүү маалыматты бөлүп табат;<br>-окуган текстинин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | – тексттерди маанисин түшүнүп окуйт;<br>-кептин ыргагын, интонацияны сактап окуйт;<br>–текстти маанилик бөлүктөргө бөлөт;<br>-тексттин структурасын билет;<br>-тексттеги негизги маалыматты аныктайт;<br>-тексттин бөлүктөрүнүн байланышын табат. | -текстти маанисин түшүнүп окуйт;<br>-кептин ыргагын, интонацияны сактап окуйт;<br>- тексттеги негизги ойду аныктайт;<br>-негизги жана негизги эмес маалыматты аныктайт;<br>-керектүү мааалыматты бөлүп табат;<br>-тексттин структурасын билет;<br>-текстти маанилик бөлүктөргө бөлөт;<br>-тексттин бөлүктөрүнүн байланышын табат. | -текстти маанисин түшүнүп окуйт;<br>-кептин ыргагын, интонацияны сактап окуйт;<br>-тексттеги негизги ойду аныктайт;<br>-негизги жана негизги эмес маалыматты аныктайт;<br>-керектүү мааалыматты бөлүп табат;<br>-тексттин структурасын билет;<br>-текстти маанилик бөлүктөргө бөлөт;<br>-тексттин бөлүктөрүнүн байланышын табат;<br>-тексттеги маалыматты интерпретациялайт. | -түрдүү стилдеги жана жанрлардагы тексттерди маанисин түшүнүп окуйт;<br>-түрдүү байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү интонацияны туура сактап окуйт;<br>-тексттеги негизги ойду аныктайт;<br>-негизги жана негизги эмес маалыматты аныктайт;<br>-керектүү мааалыматты бөлүп табат;<br>-тексттин структурасын билет;<br>-текстти маанилик бөлүктөргө бөлөт;<br>-тексттин бөлүктөрүнүн байланышын табат;<br>–окуу китеби, маалыматтын башка булактары, ММК жана интернет ресурстары менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | иштөөнүн жолдорун билет;<br>-тексттеги маалыматты интерпретациялайт. |
| **Жазуу** | -коммуникативдик тапшырмага ылайык анчалык чоң эмес көлөмдөгү репродуктивдүү мүнөздөгү текстти анын түзүлүшүн, кептин түрүн сактап баяндай алат;<br>-дилбаяндын жөнөкөй планын түзөт жана текст жазганда ал планды колдонот;<br>-өз оюн айтууда теманы жана негизги идеяны ача алат;<br>-сунушталган башталышы же аякталышы боюнча анчалык чоң эмес көлөмдөгү тексттерди түзөт;<br>-коммуникативдик тапшырмага ылайык продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт: сүрөттөмө дилбаян, баяндама дилбаян. | –дилбаянга материал топтойт жана системалаштырат;<br>-сунушталган сөздөр менен өз алдынча чакан текст түзөт;<br>-сунушталган башталышы же аякталышы боюнча продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт;<br>-коммуникативдик тапшырмага ылайык продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт: сүрөттөмө дилбаян, баяндама дилбаян.<br>– сюжеттүү сүрөттөр боюнча аңгеме түзөт;<br>-өзү жөнүндө, өз үй-бүлөсү жөнүндө аңгеме түзөт;<br>-өзүнө кызыктуу тема боюнча чакан аңгеме түзөт. | -коммуникативдик тапшырмага ылайык репродуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт;<br>-коммуникативдик тапшырмага ылайык продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт: сүрөттөмө дилбаян, баяндама дилбаян;<br>-сунушталган башталышы же аякталышы боюнча продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт;<br>-сунушталган башталышы боюнча же таяныч сөздөр менен дилбаян жазат, сюжеттик схеманын негизинде, берилген сюжет боюнча, көргөнү боюнча аңгеме жазат. | - коммуникативдик тапшырмага ылайык репродуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт;<br>- коммуникативдик тапшырмага ылайык продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт: сүрөттөмө дилбаян, баяндама дилбаян, ой жүгүртүүчү дилбаян;<br>– тексттерди жаза алат: арыз, өмүр баян, иштиктүү каттар;<br>-сунушталган башталышы же аякталышы боюнча продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт. | - коммуникативдик тапшырмага ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт: сүрөттөмө дилбаян, баяндама дилбаян, ой жүгүртүүчү дилбаян;<br>-сунушталган башталышы же аякталышы боюнча продуктивдүү мүнөздөгү тексттерди түзөт;<br>–уккан же окуган текстинин мазмунун жазуу түрүндө сунушталган деңгээлде адекваттуу бере алат (майда-чүйдөсүнө чейин баяндоо, кыскача баяндоо, тандалган баяндоо; тезистер, конспект, аннотация).<br>–түрдүү жанрдагы өзүнүн тексттерин түзөт: гезитке макала, адабий чыгармага рецензия, спектаклге, кинофильмге пикир, мүнөздөмө, резюме, билдирүү. |
| | | **2. Тилдик компетенттүүлүгү** | | | |
| Фонетика, орфоэпия | - кыргыз тилинин үндүү тыбыштарын, анын ичинде **ө,ү** тыбыштарын туура айтат, сөздөрдө туура колдонот;<br>-өз кебиндеги сөздөрдө үнсүз тыбыштарды, анын ичинде **ң**, **к**(кы), **г** (гы), **ж** тыбыштарын туура колдонот;<br>-созулма үндүүлөрдү туура айтат. | -кыргыз тилинин үндүү тыбыштарын, анын ичинде **ө**, **ү** тыбыштарын туура айтат, сөздөрдө туура колдонот;<br>-өз кебиндеги сөздөрдө үнсүз тыбыштарды, анын ичинде **ң**, **к**(кы), **г** (гы), **ж** тыбыштарын туура колдонот;<br>-созулма үндүүлөрдү туура айтат. | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн колдонулуучу сөздөрүн туура айтат;<br>-үндүү тыбыштардын сөз ичинде алга карай ээрчип айтылыш эрежесин билет, туура колдонот;<br>- сөздөрдү туура айтуу үчүн орфоэпиялык сөздүктү колдонот. | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн колдонулуучу сөздөрүн орфоэпиялык нормаларга ылайык айтат;<br>-түрдүү татаалдыктагы сүйлөмдөрдү интонациялык конструкциясын аныктайт. | - тыбыштарды жасалыш ордуна карай жана жасалыш ыгына карай классификациялайт;<br>- интонация жана анын негизги элементтерин колдонот: логикалык басым, пауза, тон, темп, ыргак;<br>– фонетика, орфоэпия тармагындагы адабий нормаларды билет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Лексика | -берилген кептик тема боюнча активдүү лексиканы өздөштүрөт;<br>-жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнөт;<br>-өзү мурунтан билген сөздүн маанисин түшүндүрөт;<br>-жаңы үйрөнгөн сөзүнө мурунтан билген синоним, антоним сөздөрдү табат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кебинде туура колдонот;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кырдаалга жараша туура пайдаланат. | -берилген кептик тема боюнча активдүү лексиканы өздөштүрөт;<br>-жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнөт;<br>-өзү мурунтан билген сөздүн маанисин түшүндүрөт;<br>-жаңы үйрөнгөн сөзүнө мурунтан билген синоним, антоним сөздөрдү табат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кебинде туура колдонот;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кырдаалга жараша туура пайдаланат. | -берилген кептик тема боюнча активдүү лексиканы өздөштүрөт;<br>-жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнөт;<br>-өзү мурунтан билген сөздүн маанисин түшүндүрөт;<br>-жаңы үйрөнгөн сөзүнө мурунтан билген синоним, антоним сөздөрдү табат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кебинде туура колдонот;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрүн кырдаалга жараша туура пайдаланат;<br>-сөздүн маанисин контекст боюнча аныктайт;<br>-окуп-үйрөнгөн сөзгө уңгулаш сөздөрдү табат. | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн колдонулуучу сөздөрү менен активдүү лексиканы толуктайт;<br>-чечмелөөнү семантизациянын ыкмасы катары колдонуп, сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт;<br>-тексттерде баалоочу мааниге ээ болгон сөздөрдү, сөз айкаштарды бөлүп көрсөтөт;<br>-окуу-илимий, расмий- иштиктүү жана публицистикалык тексттерди түзүүдө тилдик клишелерди, байланыштыруучу сөздөрдү колдонот. | – лексика, фразеология тармагындагы адабий нормаларды билет; |
| Сөз жасоо | - сөздүн маанисин талдоонун негизинде сөздүн маанилүү бөлүгүн бөлүп көрсөтөт;<br>–окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн колдонулуучу сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү туура колдонуп, сөздөрдү жасайт;<br>-сөздүн маанисин эске алуу менен уңгулаш сөздөрдү табат;<br>-уңгулаш сөздөрдүн маанисиндеги айырмачылыктарды түшүндүрөт. | -уңгулаш сөздөрдүн маанисин айырмалап, уңгулаш сөздөрдү табат;<br>-сөздүн структурасынын моделдери боюнча сөз жасоочу каражаттардын жардамында сөз жасайт;<br>–морфемалык жана сөз жасоочу талдоо жүргүзөт. | -сөз жасоо эрежелерине ылайык түрдүү формадагы чакчылдарды, атоочтуктарды жасайт;<br>-башка сөз түркүмдөрүнөн сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамында келип чыккан сөздөрдү өз кебинде мааниси боюнча туура колдонот. | – түрдүү сөз түркүмдөрү боюнча сөз жасоо көндүмү, билгилиги жакшырат. | -сөз жасоодо адабий нормаларды жана алардын варианттарын билет;<br>-сөз жасоонун морфологиялык жана морфологиялык эмес ыкмаларын билет. |
| Морфология | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүн алардын морфологиялык белгилери боюнча | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүн алардын морфологиялык белгилери боюнча | -окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүн алардагы айрым морфологиялык белгилери | -түрдүү сөз түркүмдөрдүн сөздөрүнүн сүйлөмдөгү, тексттеги ролун түшүндүрөт | -морфология тармагындагы адабий нормаларды, алардын варианттарын билет; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | айырмалайт;<br>-зат атоочторду жөндөйт;<br>-этиштерди чак жана жак боюнча өзгөртөт;<br>-зат атооч, сын атооч, этиш сөздөрдү сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун милдетин аткара тургандай кылып колдонот. | айырмалайт;<br>-зат атоочторду жөндөйт;<br>-зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн кебинде туура колдонот;<br>-этиштерди чак жана жак боюнча өзгөртөт;<br>-зат атооч, сын атооч, этиш сөздөрдү сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун милдетин аткара тургандай кылып колдонот. | боюнча айырмалайт;<br>-окуп-үйрөнгөн сөз түркүмдөрүнүн сүйлөмдөрүн алардагы морфологиялык белгилер жана функциялар боюнча айырмалайт;<br>-кебинде атоочтуктарды, чакчылдарды жана тактоочторду туура колдонот;<br>-атоочтуктарды зат атоочторго кошуп айкалыштырат;<br>-кызматчы сөздөрдү маанисине карап туура колдонот. | -сүйлөм, текст түзүүдө түрдүү сөз түркүмдөрүнүн морфологиялык белгилерин эске алат. | -сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанисин жана аларды билдирүү ыкмаларын айырмалайт. |
| Синтаксис | -сүйлөмдө сөз айкаштарын бөлүп көрсөтөт;<br>-зат атооч, сын атооч, этиш сөздөрдү керектүү формада колдонуп сөз айкаштарды түзөт;<br>-айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдү айырмалайт;<br>-сүйлөмдүн грамматикалык негизин бөлүп көрсөтөт;<br>-грамматикалык негиздеринин саны боюнча сүйлөмдүн түрүн аныктайт;<br>-сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн көрсөтөт;<br>-айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдү түзөт;<br>-бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзөт. | -сүйлөмдө сөз айкаштарын бөлүп көрсөтөт;<br>-зат атооч, сын атооч, этиш сөздөрдү керектүү формада колдонуп сөз айкаштарды түзөт;<br>-айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдү айырмалайт;<br>-сүйлөмдүн грамматикалык негизин бөлүп көрсөтөт;<br>-грамматикалык негиздеринин саны боюнча сүйлөмдүн түрүн аныктайт;<br>-сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн көрсөтөт;<br>-айтылыш максатына карата сүйлөмдөрдү түзөт;<br>-бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзөт. | -башталышы, лексикалык морфологиялык компоненттери боюнча сүйлөмдүн структурасын аныктайт;<br>-ат атоочтун, сан атоочтун сүйлөмдөгү жана тексттеги негизги функциясын атайт;<br>-ат атооч, сан атооч менен синтаксистик конструкцияларды түзөт;<br>-татаал сүйлөмдөрдү түзөт;<br>-атоочтук түрмөгү, чакчыл түрмөгү бар сүйлөмдөрдү түзөт;<br>-түрдүү жандоочторду туура колдонуп сүйлөмдөрдү түзөт. | -түрдүү байланыштагы сөз айкаштарды түзөт;<br>-татаал курамдагы сөздөр, аббревиатуралар менен баяндоочторду айкалыштырат;<br>-стилистикалык тапшырмага ылайык сүйлөм түзөт;<br>-жөнөкөй сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жасайт. | -жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн окуп-үйрөнгөн түрлөрүн айырмалайт;<br>-түрдүү жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү түзөт;<br>-түрдүү жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү синтаксистик талдоо жасайт;<br>-синтаксис тармагындагы адабий нормаларды, алардын варианттарын билет. |
| Орфография | -орфографиянын окуп-үйрөнгөн эрежелерине сөздөрдү өз алдынча табат; | -сөздөрдүн арасынан окуп-үйрөнгөн сөздөрдү табат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрдү | -сөздөрдүн арасынан окуп-үйрөнгөн сөздөрдү табат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрдү | -5-7-класстарда окуган материалдарга негиздейт жана туура жазат; | -сөздөрдүн каталарын табат жана оңдойт, жазгандарын негиздеп берет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | -орфографиянын окуп-үйрөнгөн эрежелери боюнча орфографиялык каталарды табат;<br>-орфографиялык сөздүктү өз алдынча колдонот. | туура колдонуп жазат;<br>-окуп-үйрөнгөн сөздөрдү жазганын негиздеп берет;<br>-окуп-үйрөнгөн эрежелерине сөздөрдү өз алдынча табат;<br>-окуп-үйрөнгөн эрежелерине сөздөрдүн каталарын табат жана оңдойт. | туура колдонуп жазат;<br>-жазгандарын негиздеп берет.<br>-сөздөрдүн каталарын табат жана оңдойт;<br>-өзгөрүп айтылышына карабастан, фонемалык өзгөчөлүгүнө ылайык туура жазат (а**б**а ырайы; жоо**п** **б**ер; сө**з**сүз). | -сөздөрдүн каталарын табат жана оңдойт. | |
| Пунктуация | -сүйлөмдөрдө тыныш белгилерин коё турган маанилик бөлүктөрдү табат;<br>-тыныш белгилерин тандаганын жана ордун негиздеп берет;<br>-окуп-үйрөнгөн эрежелери боюнча тыныш белгилеринин каталарын табат;<br>-окуп-үйрөнгөн эрежелерине ылайык тыныш белгилерин туура коёт. | -сүйлөмдөрдө жана тексттердин окуп-үйрөнгөн типтеринде тыныш белгилерин коё турган маанилик бөлүктөрдү табат;<br>-сүйлөмдөрдө жана тексттердин окуп-үйрөнгөн типтеринде тыныш белгилерин туура коюп жазат;<br>-окуп-үйрөнгөн эрежелерине ылайык тыныш белгилерин туура койгонун негиздеп берет. | -сүйлөмдөрдө маанилик бөлүктөрдү табат;<br>-татаалдаштырылган сүйлөмдө тыныш белгилерин туура койгонун негиздеп берет;<br>-пунктуациялык каталарды табат жана оңдойт. | -сүйлөмдөрдө маанилик бөлүктөрдү табат жана тыныш белгилерин туура коюп жазат;<br>-татаалдаштырылган сүйлөмдө тыныш белгилерин туура койгонун негиздеп берет;<br>-цитаталарга тыныш белгилерин туура коюп жазат;<br>-тыныш белгилерин каталарын табат жана туура коюп жазат;<br>-тыныш белгилерин функциясы боюнча классификациялайт. | -сүйлөмдөрдүн жана тексттердин окуп-үйрөнгөн типтеринде маанилик бөлүктөрдү табат;<br>-сүйлөмдөрдүн окуп-үйрөнгөн типтеринде тыныш белгилерин туура коюп жазат;<br>-түрдүү байланыштагы татаал сүйлөмдө тыныш белгилерин туура койгонун негиздеп берет;<br>-тыныш белгилерин каталарын табат жана туура коюп жазат;<br>-тыныш белгилерин функциясы боюнча классификациялайт. |
| **3. Социомаданий компетенттүүлүгү** | | | | | |
| | Белгиленген теманын алкагында элдин каада-салттары жана жашоо-тиричилик маданияты жөнүндөгү материалдарды түшүнөт, өз оюн бекемдөө үчүн кебинде макалдарды колдоно билет. Өзүнүн жаш курагына жана кызыкчылыктарына туура келген белгилүү жазуучулар | Белгиленген теманын алкагында элдин каада- салттарын жана жашоо-тиричилик маданиятын билет, өз өлкөсү, анын маданияты тууралуу өздөштүргөн тилдик жана катнаштык билгилигинин чегинде айтып бере алат. Өз оюн бекемдөө үчүн кебинде макалдарды колдо- | Белгиленген теманын алкагында элдин каада- салттарын жана жашоо-тиричилик маданиятын билет, өз өлкөсү, анын маданияты тууралуу өздөштүргөн тилдик жана катнаштык билгилигинин чегинде айтып бере алат. Өз оюн бекемдөө үчүн кебинде макал- | Белгиленген теманын алкагында элдин каада- салттарын жана жашоо-тиричилик маданиятын билет, өз өлкөсү, анын маданияты тууралуу өздөштүргөн тилдик жана катнаштык билгилигинин чегинде айтып бере алат. Өз оюн бекемдөө үчүн кебинде макалдарды колдоно | Теманын алкагында элдин каада-салттарын жана жашоо- тиричилик маданиятын билет, сөзгө чыгуу үчүн жөнөкөй план түзө билет, өз өлкөсүн сүрөттөй турган сөздөрдү колдонот. Өз оюн бекемдөө үчүн макал-лакаптарды, «Манас» эпосундагы саптарды колдоно билет. Өзүнүн жаш курагына жана |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | менен акындардын чыгармачылыгы менен таанышат. Улутуна жана динине, жынысына жана башка айырмачылыктарына карабастан, коомдогу ар бир адам каалагандай ресурстардан пайдалануу жагынан тең укуктуу экендигин түшүнөт жана муну кабыл алат. | но билет. Өзүнүн жаш курагына жана кызыкчылыктарына туура келген белгилүү жазуучулар менен акындардын чыгармачылыгы менен таанышат. Кырдаалдан чыгуу жолдорун таап, сунуштай билет. | дарды колдоно билет. Өзүнүн жаш курагына жана кызыкчылыктарына туура келген белгилүү жазуучулар менен акындардын чыгармачылыгы менен таанышат. Каада-салттарды улуттук | билет. Өзүнүн жаш курагына жана кызыкчылыктарына туура келген белгилүү жазуучулар менен акындардын чыгармачылыгы менен таанышат. Жарандык улуттун ичиндеги ар бир маданий коомдоштуктун кадыр-баркын, тең укуктуулугун сактоо керектигин тааныйт жана муну жактайт. | кызыкчылыктарына туура келген белгилүү жазуучулар менен акындардын чыгармачылыгы менен таанышат. Өзүнүн укуктарын коргоо үчүн укуктук, административдик жана адеп-ахлактык ченемдерди колдонууга даяр. Башка адамдардын укуктарын коргоо үчүн көмөктөшөт. |

## 3.2. Экинчи тил катары кыргыз тили предметинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

«**Кыргыз тили экинчи тил катары**» предмети боюнча сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлгүүчү натыйжалар менен тыгыз байланышкан жана көрсөткүчтөргө негизделет. Класстагы баалоо объектилери болуп билим алуудагы окуучулардын жекече жетишкендиктери менен өсүшү саналат.

**Баалоонун негизги принциптери**

Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишеничтүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

- *Калыстык*. Калыстык принциби бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун так критерийлеринин болушун туюндурат.
- *Ишеничтүүлүк*. Ишеничтүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.
- *Жарамдуулук* – бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу и жыйынтыктоочу* (1-схема).

**Схема: Баалоонун түрлөрү**




**Диагноздоочу баалоо**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана аны өркүндөтүшүнө негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо**

Калыптандыруучу баалоонун максаты – окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагындагы окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо**

Жыйынтыктоочу баа берүү окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

• *Утурумдук* баалоо. Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген каталардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.

• *Аралык баалоо* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизиндежүргүзүлөт:

- кат жүзүндөгү иштер/булактар мененииштөө;
- оозеки жооп/жүзачар;
- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

• *Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша жазуу түрүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат. Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

**Баалоонун типтери**

Билим берүү тутумунда милдеттери менен айырмалануучу педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат: ченемдик жана критерийлик.

Айрым окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу.

Айрым окуучулардын билимдерин критерийлик баалоо белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Анын максаты – белгиленген стандарттарга ылайык айрым окуучулардын жетишкен натыйжаларын сыпаттоо.

Баалоонун бул эки түрү бири бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практикада ченемдик дагы, критерийлик дагы баалоо зарыл. Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонуу керектигин аныктоо үчүн баалоонун максатын эске алышы абзел. Эгер ар бир окуучунун окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөн-өздөштүрбөгөндүгүн аныктоо зарыл болсо, бул учурда баалоонун критерийлик түрүн колдонуу шарт. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катыштыруу үчүн класстан бир нече окуучуну тандап алуу зарыл болгондо сөзсүз баалоонун ченемдик түрү керек.

**Баалоо баалар боюнча упайларды төмөнкүдөй бөлүштүрүү аркылуу жүргүзүлөт.**

**Упайларды баа боюнча бөлүштүрүү**

| **Баа** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Упайлар** | 1 – 20 | 21 -40 | 41 -60 | 61 – 80 | 81 – 100 |

**Кептик-катнаштык жана тил билгилиги боюнча упайларды бөлүштүрүү**

**Мисалы:**

| | **Аты-жөнү** | Лексика-грамматика | Окуп түшүнүү | Угуу | Жазуу | Аңгеме-лешүү | Упайлардын жыйынтыгы | Баа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **20** | **20** | **20** | **20** | **20** | **100** | |
| 1 | Алиев С. | 15 | 18 | 15 | 18 | 17 | 83 | **5** |
| 2 | Нурдинов Б. | 13 | 15 | 16 | 15 | 15 | 74 | **4** |

**Окуучулардын жеке билим алуу жетишкендиктерин баалоо тутумунун болжолдуу үлгүсү (КР БИМ** АУК)

**1. Утурумдук баалоо (биринчи аралык баалоого чейин сабактарда жүргүзүлөт)**

| **№** | **Иштин түрлөрү** | **Формалары** | Жыйынтыктоочу баалоодогу салмак 10% |
|---|---|---|---|
| 1.1. | Мугалим аныктайт | Оозеки жооп, жуптарда сүйлөшүү, кат жүзүндөгү иштер, үй тапшырмасын аткаруу. | |

**2. Аралык баалоо** (модуль аяктаганда жүргүзүлөт)

| **№** | **Иштин түрлөрү** | **Формалары** | Жыйынтыктоочу баалоодогу катыш 60% |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Окуп түшүнүү (Текст менен иштөө) | Тесттик тапшырманын ар кандай түрлөрү. Курамы: 1) жеңилдетилген жана тийиштүү деңгээлдеги текст; 2) ошол текст боюнча 3-4 тапшырмадан турган тест. | 20 упай |
| 2.2. | Угуу | Угулган текст боюнча тесттик тапшырманын ар кандай түрлөрү. Курамы: 1) жеңилдетилген жана тийиштүү деңгээлдеги текст; 2) ошол текст боюнча 3-4 тапшырмадан турган тест. | 20 упай |
| 2.3. | Оозеки жооп/ сүйлөшүү | Кабарлоо, суроолорго жооптор (кырдаалдык тапшырмалар менен суроолордун түр- | 20 упай |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | /сүйлөө | лөрү). Курамы: 1) аңгемелешүүнү кайра айтып берүү үчүн кырдаалдык суроолор; 2) пайдалануу үчүн даяр кептик таянычтар. | |
| 2.4. | Жазуу | Жат жазуу, эссенин ар кандай түрлөрү, дилбаян ж.б. | 20 упай |
| 2.5. | Грамматика | 3-4 тапшырмадан турган тест (жазуу жүзүндөгү тапшырма) | 20 упай |
| | | **Бардыгы:** | **100ай** |

## 3. Жыйынтыктоочу баалоо (чейрек аяктаганда жүргүзүлөт)

| № | Иштин түрлөрү | Формалары | Жыйынтыктоочу баалоодогу салмак 30% |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Окуп түшүнүү (Текст менен иштөө) | Тесттик тапшырмалардын ар кандай түрлөрү. Курамы: 1) жеңилдетилген жана тийиштүү деңгээлдеги текст; 2) ошол текст боюнча 3-4 тапшырмадан турган тест. | 20 упай |
| 3.2. | Угуу | Угулган текст боюнча тесттик тапшырманын ар кандай түрлөрү. Курамы: 1) жеңилдетилген жана тийиштүү деңгээлдеги текст; 2) ошол текст боюнча 3-4 тапшырмадан турган тест. | 20 упай |
| 3.3. | Оозеки жооп/ сүйлөшүү/ сүйлөө | Кабарлоо, суроолорго жооптор (кырдаалдык тапшырмалар менен суроолордун түрлөрү). Курамы: 1) аңгемелешүүнү кайра айтып берүү үчүн кырдаалдык суроолор; 2) пайдалануу үчүн даяр кептик калыптар. | 20 упай |
| 3.4. | Жазуу | Жат жазуу, эссенин ар кандай түрлөрү, дил баян ж.б. | 20 упай |
| 3.5. | Грамматика | 3-4 тапшырмадан турган тест (жазуу жүзүндөгү тапшырма) | 20 упай |
| | | **Бардыгы:** | **100 упай** |

Окуучулардын деңгээлин баалоодо **чейректин аягында** пайыздар кошулат.

**Чейректин жыйынтыгы:** Утурумдук баалоонун (УБ) 10 %ы
Аралык баалоонун (АБ) 60%ы
Жыйынтыктоочу баалоонун (ЖБ) 30 %ы.

*Мисалы:*

| № | АТЫ-ЖӨНҮ | УБ | АБ | ЖБ | Жыйынтыгы | Чейр. ба. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 10% | 60% | 30% | | |
| 1 | Иванов К. В. | 34* /3,4 | 75 /45 | 87/26 | **74** | **4** |

** утурумдук баалардын суммасы.*

**Жыл жыйынтыгы.**

*Мисалы:*

| № | АТЫ-ЖӨНҮ | ЖБ 1 | ЖБ 2 | ЖБ 3 | ЖБ 4 | Жыйынтыгы | Чейр. ба. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Иванов К. В | 74 | 75 | 87 | 86 | 80,5-81 ! | 5 |

**Мүдөө: + 10 упайга чейин.**

**Класста баалоону өткөрүү боюнча сунуштар**

**Текст менен иштөөгө баа берүү (окуп түшүнүү) 20 упай.**

Окуучу текст менен туура жана катасыз иштегенде, т.а. тексттин тийиштүү тапшырмасын аткарганда **20 упай** топтойт:

- тексттин грамматикалык түзүлүшүн түшүнүп билет;
- окулган текстти түшүнгөндүгүн көрсөтөт (тексттеги негизги ой менен мазмунун табат);
- текст боюнча суроолорду түзөт, башка окуучулар берген суроолорго жооп берет;
- өз жоопторун грамматикалык жактан тууражазат;
- орфографиялык жана пунктуациялык каталарсыз жазат.

Ар бир туура эмес жооп үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

**Угууга баа берүү (угуп түшүнүү)**

Угууда окуучу тексттин бардык тапшырмаларын туура аткаруу менен **20 упай** топтойт, т.а.:

- берилген темалар боюнча тексттерди угуп кабылдайт жана угулган текстти түшүнгөндүгүн көрсөтөт;
- тексттеги негизги ой менен мазмунун бөлүп көрсөтөт;
- уккан тексти боюнча тапшырманы туура аткарат;
- жоопторун грамматикалык жактан туура жазат;
- орфографиялык жана пунктуациялык каталарсыз жазат.

Ар бир туура эмес жооп үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

**Оозеки жоопко баа берүү (оозеки сүйлөшүү)**

Оозеки сүйлөшүүдө **20 упай** топтогон окуучу:

- берилген тема боюнча туура суроолорду берет;
- берилген суроолорго жооп бере алат;
- маектешүүгө катыша алат, сөз баштоону өзү демилгелеп аңгемелешет;
- ар түрдүү кептик (катнаштык) кырдаалдарда макулдугун/макул эместигин туура туюндурат;
- грамматикалык жактан туура жазылган сүйлөмдөрдү түзөт.

Ар бир туура эмес жооп үчүн мугалим тарабынан каралган упай алып салынат.

**Жазуу ишине баа берүү (жат жазуу, эссенин түрлөрү ж.б.)**

Жазуу ишинде **20 упай** топтогон окуучу:

- аргументтердин тезис менен дал келүүсү (мааниси жана грамматикалык жактан);
- аргументтердин ишенимдүүлүк жана аныктык деңгээли;
- жүйөлөрдү мисалдар менен ынандыруусу;
- иштин структуралык жана мазмундук бүтүндүгү жана бүткөндүгү.

Ар бир орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык ката үчүн мугалим тарабынан мурда каралган упай алынат.

**Грамматикалык билимине баа берүү**

Грамматикалык билимине баа берүүдө **20 упай** алган окуучу:

- тилдин грамматикалык каражаттарын түшүнөт, туура колдонот;
- тил бирдиктерин түшүнөт, туура колдонот;
- синтаксисттик эрежелерге таянып сүйлөм түзөт;

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер боюнча мурда өздөштүргөн көндүмдөрүн туура колдонот;
- тесттин бардык тапшырмаларын туура жана катасыз аткарат.

Ар бир ката үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

## 4- бөлүк. Билим берүү процессин уюштуруу талаптары

### 4.1 Ресурстук камсыздоого карата талаптар

### 4.2 Окутуу чөйрөнү түзүү

Функционалдык-коммуникативдик мамиле кыргыз тили экинчи тили катары окутууда окутуунун бардык этаптарында жана формаларында окутуучуларды кыргыз тилинде баарлашуу (коммуникация) процесстерине тез арада кошулушун шарттайт. Мында сабактардын кеп өстүрүүчү багыты максат гана эмес, максатка жетүүчү каражат катары каралат.

Төмөндө берилген ыкмалар тилди окутуунун аталган принциптерин ишке ашырууга жана окуучулардын негизги жана предметтик билгиликтерге ээ болушуна багытталган.

**I. Топтук усулдар**

***Акыл чабуулу.*** Бул усул окуучулардын кырдаал же маселе боюнча ар түрдүү ойлорду эркин түрдө жана ачык айтышына шарт түзөт. Элестетүүнү жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Акыл чабуулу – бул кеңири белгилүү жана көп колдонулуучу интерактивдүү усул, анткени ал ар бир адамдын топтогу ишке катышуусуна мүмкүндүк берет.

***Чакан топтордо иштөө.*** Көпчүлүккө таанымал болгон бул усул бардык окуучулардын ишке катышуусуна жана жигердүү угуу же жалпы пикирди иштеп чыгуу сыяктуу билгичтиктерди практикада колдонушуна, чоң топтогуга салыштырмалуу анча кысталыш болбогон кырдаалда кызматташуусуна жана инсан аралык баарлашуусуна мүмкүндүк берет. Топторго убакыт көп сарпталат, ошондуктан топто иштөөгө дайым эле таяна берүүгө болбойт. Бул усулду окуучулар өз алдынча маселе чече албай калган учурларда колдонгон оң. Эгер сарпталган убакыт менен күч аракет ойдогудай натыйжа бербесе, ыкчам иштешүү үчүн «жуп-жубу менен иштеп, пикир алмашуу» усулун эле колдонуу керек.

***Курак.*** Бул усулду колдонгондо окуучулар бири-биринен үйрөнөт. Өз ара окуп-үйрөнүү – бул предмет боюнча маалымат алып, кыйын материалды түшүндүрүү, суроо берүү, угуу, баарлашуу жана башка билгичтиктерди практикада колдонуунун эң натыйжалуу ыкмаларынын бири. Бул ыкма окуучулардын кыска убакыт ичинде көп маалымат алышына мүмкүндүк берет да, кайсы бир деңгээлде лекциянын ордуна колдонууга ылайык келет.

**II. Оюндар**

***Окутуп-үйрөтүүчү.*** Катышуучулар окутуп-үйрөтүүчү оюндарда берилген кырдаалдын алкагындагы конкреттүү маселеге жооп кылат.

***Сюжеттик-ролдук оюндар.*** Катышуучулар башка адам кандай кыларын сезишет, ойлонушат жана/же аткарып көрүшөт, же болбосо кайсы бир маселени же кырдаалды «ойноп» көрүшөт.

**III. Чийме уюштургучтар**

***Венндин диаграммасы.*** Бул диаграмма айырмалуу жана окшош белгилери бар эки жана андан ашуун өңүттөрдү кароодо анализ жана синтез жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Ал эки

жана андан ашуун кесилишкен тегеректер түрүндө чийилет.

***Кластер.*** Кластерлерге бөлүштүрүү төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:

- Урунттуу сөздү же сүйлөмдү чоң барактын же класс тактасынын (же жазуу үчүн пайдаланыла турган башка тегиздиктин) ортосуна жазгыла.
- Бул темага байланыштуу оюңарга келген сөздөрдү же сүйлөмдөрдү жаза баштагыла.
- Идеяларды жаралышына карай жазганча, алардын ортосунда өзүңөр туура келет деп ойлогон байланыштарды белгилей баштагыла.
- Убакыт бүтмөйүнчө же идеяларыңар толук айтылмайынча оюңарга канча идея келсе, баарын жазгыла.

**IV. Талаш-тартыштын ар кыл түрлөрү**

Бул усулдар окуучулардын кебин өркүндөтүп, логикалуу ой жүгүртүү, маселе чечүү жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандырат. Мындай көнүгүүлөр окуучулардын чыгармачыл жөндөмүн жана маселелерди терең талдоо көндүмүн өнүктүрүп, социалдык катнашты чындоого өбөлгө түзөт.

Талаш-тартыш окуучулардын жогорку деңгээлде ой жүгүртүүсүнө жана мугалимдин көзөмөлүсүз эле пикир алмашуу мүмкүндүгүн берет. Мунун натыйжасында маселелерди, жүрүм-турумдарды жана көз караштарды жамаат чогуу түшүнүүгө жетишет.

***Позиция ээле (пикирлер шкаласы).*** Бул усулду тема боюнча ар түрдүү пикирлерди көрсөтүү, окуучуларга өз ойлорун айтуу жана баарлашуу көндүмүн практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн кириш көнүгүү катары колдонгон оң. Муну сабак соңунда окуучулардын теманы кандай түшүнгөнүнө баа берүү үчүн да колдонууга болот. Бул усул класста талаш маселелерди талкуулоого ылайык келет. Талаш маселеге байланыштуу мыйзамдуу негизделген, тууру жообу жок, карама-каршылыктуу көз караштардын болушу керек.

**V. Долбоор усулу**

Долбоор усулунун негизги максаты – окуучуларга ар кайсы предметтер боюнча алган билимдерин тутумдаштырууну талап кылган практикалык милдеттерди же маселелерди чечүү процессинде өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Мугалим мында координатордун, эксперттин, кошумча маалымат булагынын ролун аткарат.

Бул усулду колдонгондо окуучулар өз алдынча билим алууга жана колдонууга үйрөнөт, алардын катнаш билгилиги калыптанат, чыгармачыл жөндөмү, өзүнүн ишмердигин көзөмөлдөө жана баалоо көндүмдөрү өнүгөт. Сабактын убактысын долбоордун (долбоорлордун) тематикалык-семантикалык талаасын, маселесин жана максаттарын аныктоо ишин уюштурууга, ошондой эле долбоордун (долбоорлордун) жүзачарын өткөрүүгө жумшоо керек.

*Долбоор усулунун негизги баскычтары*:

1. **Даярдык баскычы** (маселени аңдап билүү жана аны чечүү мүмкүнчүлүктөрү) – топтун (жеке долбоордун) ишин көзөмөлдөө.

2. **Изилдөө баскычы**:

- долбоорду бөлүктөргө бөлүү;
- курамдык бөлүктөрүн талдоо: кайсынысы ашыкча? эмнелерди кошуу керек? (окуучулардын ишмердигине баа берүү).

3. **Долбоордун курамдык бөлүктөрүн жүзөгө ашыруу** (ар түрдүү маалымат булактарынын пайдаланылышына, ишмердиктин пландалышына, ар башка

эффектилердин колдонулушуна баа берүү).

4. **Долбоорду жактоо** (долбоорлук иштин тышкы жасалгаланышына, милдеттердин коюлушуна, долбоордун жакталышына баа берүү).

*Кыргыз тили боюнча долбоордо төмөндөгүдөй учурлар өзгөчө мааниге ээ болот*:

- тилди чыныгы баарлашуу кырдаалына мүмкүн болушунча жакындатылган кырдаалдарда (шарттуу-кырдаалдык жана реалдуу-турмуштук) колдонуу;
- окуучулардын өз алдынча (жекече жана топто) иштешине басым жасоо;
- окуучуларды абдан кызыктыра турган теманы тандоо;
- долбоордун темасына, максатына ылайык тилдик материалдарды, тапшырмалардын түрлөрүн жана иштин ырааттуулугун тандап алуу;
- натыйжаларды даана көрсөтүү.
-

**Сунушталуучу адабияттар**


1. PISAнын иликтөөлөрү тууралуу ОУББББ (ЦООМО) маалымкаты – 2006. –Б.: 2008. – 220 бет.
2. Кыргыз Республикасынын ЖОЖнын бюджеттик жана акы төлөөнүүчү орундарга тапшыруунун жана жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары.– Бишкек, 2010. – 96 бет.
3. Кыргыз тилин окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун мамлекеттик стандарты. Бишкек, 2006.
4. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы.–Кут билим. 17.08.2012-жыл.
5. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5–9-класстары үчүн “Кыргыз тили” окуу китептери:

**5-класс:** «Кыргыз тили», авт.: А.Алымова ж.б., -Б., 2009;
**5-**класс: «Кыргыз тили», авторлор Джусупбекова Н., Оморова А. Чепекова Г. Б., 2018;
**6-класс:** «Кыргыз тили», авт.: А.Алымова ж.б., -Б., 2009;
6-класс: «Кыргыз тили», авторлор Джусупбекова Н., Оморова А. Чепекова Г. Б., 2018;
**7-класс:** «Кыргыз тили», авт.: Ж.Мамытов, ж.б. –Б., 2010;
**8-класс:** «Кыргыз тили», авт.: С.Ибрагимов, -Б., 2009;
**9-класс:** «Кыргыз тили», авт.: И.Абдувалиев ж.б., -Б., 2010

6. Методикалык колдонмолор:

С. Рысбаев, Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн теориялык-практикалык маселелери, Б., 2015.
С. Рысбаев, Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш, Б., 2015.
Т. Асанакунов, «Сөз түркүмдөрүн окутууда окуучунун компетенттүүлүгүн баалоо”, Бишкек, «Гүлчынар», 2015;
Т. Асанакунов, «Сабактын (болжолдуу) планы» (Методикалык колдонмо), – Бишкек, 2015;
Т. Асанакунов, «Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар», -Б., 2016;
«Өзбек мектептеринде кеп маданиятын окутуу», авт.: С.Рысбаев, А.Акматова.
С. Рысбаев, «Сөз жөнүндө сөз», илимий-популярдуу басылма, Б., 2017
Джусупбекова Н., Оморова А. Чепекова Г. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (5-6 класс), Б., 2018.